Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин «Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата расмий оппонент, педагогика илимдеринин доктору, доцент А.Т.Саттарованын И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети уюштуруучулары болгон Д 13.23.673 диссертациялык кеңешине берген

## пикири

Диссертациялык иш К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылган.

Илимий кеңешчиси – педагогика илимдеринин доктору, профессор, КРнын УИАнын корреспондент-мүчөсү, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий иштер боюнча проректору Ишекеев Назаркул Ишекеевич.

Диссертация киришүүдөн, төрт баптан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан жана практикалык сунуштардан, библиографиядан, таблицалардан (4), сүрөттөрдөн (4), тиркемеден (3) турат. Иштин жалпы көлөмү – 335 бет.

Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин «Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы» аттуу темадагы доктордук диссертациясы жана анын авторефераты менен таанышып чыккандан кийин, төмөнкүдөй пикирлерди айтууга болот:

**1. Диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Коргоого сунуш кылынып жаткан доктордук диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү кыргыз адабиятын окутуунун теориясы жана практикасы боюнча изилдөө заманбап талаптарга ылайык жүргүзүлгөн.

**2. Иштин максаты катары** кыргыз адабиятын орто мектептин жогорку класстарында этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана практикада аткарылыш жолдорун иштеп чыгуу, аларды педагогикалык тажрыйбада текшерип, натыйжалуулугун аныктоо алынган. Бул максаттарга жетүү үчүн иште төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

И. Арабаев атындагы ...
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 72 «12» 12 20 23 г.

- кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы маселелерин иликтөөгө алуу менен окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилденишин аныктоо;

- жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-теориялык жактан калыптанышына талдоо жүргүзүү менен окутуунун принциптерин компетенттүүлүккө негиздөө;

- азыркы билим берүү системасында окутуунун адабий-педагогикалык маселелерин караштырып, кыргыз адабиятын жогорку класста этнопедагогикалык негизде окутуунун зарылдыгын чечмелөө;

- кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун окуу стандартында, окуу планында чагылдырылышына жана кыргыз адабияты сабагы калыптандыруучу компетенцияларында этнопедагогиканын ролуна баа берүү;

- кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүү жолдорун иштеп чыгуу, эксперименттен өткөрүү жана анын жыйынтыктарын көрсөтүү, зарыл болгон практикалык сунуштарды киргизүү.

**3. Киришүү бөлүмүндө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, жаңылыгы, апробацияланышы ж.б.тууралуу жалпы маалыматтар берилет.

**4. Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.** 2021-жылы КРнын Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» деген жарлыгы жарыяланды. Ага ылайык жаштарды руханий жана адептик тарбиялоого өзгөчө көңүл бөлүнүп, адабиятты окутуу аркылуу бул милдетти ишке ашырууга маани берилет. Кыргыз элинин салттарын, үрп-адаттарын, тарбиялык традицияларын бул же тигил чыгармаларды талдоо процессинде ачып көрсөтүү азыркы окуучуларды ааламдашуу агымынан улам келүүчү терс көрүнүштөрдөн сактап, элдин педагогикалык маданияты аркылуу аларды тарбиялоого жардам берет. Азыркы эне тилин чанган, өз элинин өткөнү менен келечегине кайдыгер караган, интернет менен телефондон баш көтөрбөгөн балдарды адабият аркылуу оң сапаттарга тарбиялоо актуалдуу проблемалардын бири бул эмгекте ар тараптуу чагылдырылган.

Бул доктордук диссертация элдик педагогиканы изилдеген этнопедагогикалык эмгектер менен кыргыз адабиятын окутуунун теориясы жана практикасын айкалыштыра изилдеген эмгектердин катарын толуктайт. Адабий чыгармаларды этнопедагогикалык багытта талдоо – диссертациянын жетектөөчү концепциясы. Биз диссертация менен таанышкан соң, изденүүчү К.Д.Кенжешев тарабынан жүргүзүлгөн кыргыз адабиятын окутуу багытындагы диссертациялык

изилдөө бүгүнкү күн үчүн актуалдуу жана азыркы улуттук педагогикалык практикасы үчүн зарыл эмгек болгон деп айтууга болот.

**5. Илимий жыйынтыктар.**

Диссертацияда педагогика илиминин мындан ары өнүгүшү үчүн маанилүү төмөнкүдөй жаңы илимий жыйынтыктар алынган.

***Биринчи жыйынтык:*** «Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы маселелери» деп аталган 1-главада кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилдениши, кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-теориялык жактан калыптанышы, ушундай маани-максатта окутууну компетентүүлүккө негиздөөнүн дидактикалык принциптери чагылдырылат. Автор «Манас» эпосун, Ч.Айтматовдун чыгармаларын этнопедагогикалык аспектиден талдоонун методикасын ачып берет. Диссертант тарабынан бул главада адабий көркөм чыгармаларды этнопедагогикалык багытта окутуунун объективдүү өбөлгөлөрү, теманын тарыхы ачып берилет.

***Экинчи жыйынтык:*** Азыркы мектептин билим берүү тутумунда кыргыз адабиятын окутуунун этнопедагогикалык базасы караштырылып, кыргыз адабиятын жогорку класста этнопедагогикалык негизде окутуунун зарылдыгы көрсөтүлөт жана бул багыттагы ойлору мисалдар аркылуу тастыкталат.

***Үчүнчү жыйынтык:*** Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча окуу стандартына, окуу программаларына, окуу китептерине анализ жүргүзүлөт, алар илимий изилдөөнүн материалдары катары 2-главанын 1-бөлүмүндө чагылдырылат.

***Төртүнчү жыйынтык:*** Диссертацияда изилдөөнүн методологиялык негиздерин аныктоодо, теориялык зарыл маселелерди чечүүдө илимий эмгектерди талдоо, мугалимдер менен аңгемелешүү, сабактарга катышуу жана аларды талдоо, анкеталык сурамжылоо, тесттер, жазуу иштерин жүргүзүү жана талдоо, сабактын үлгүлөрүн иштеп чыгуу, анализ жана синтез, педагогикалык эксперимент ж.б. методдор туура табылган жана эффективдүүлүгүн көрсөткөн.

***Бешинчи жыйынтык:*** Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүү боюнча ыкмалар жана жолдор, каражаттар иштелип чыккан жана алар мугалимдерге сунушталган (4-глава).

**6. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, тыянактарынын жана корутундусунун негизделгендиги жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Диссертациядан келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү автор туура таба алган методологиялык жоболор жана методдордун биримдигинен келип чыккан. Изденүүчү кыргыз адабиятын окутуу багытындагы тажрыйбасын жана методикалык, адабият таануучулук, этнопедагогикалык изилдөөлөрүн илимий эмгегинде колдоно алган.

**7. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

***1-натыйжа.****Салыштырмалуу жаңы.* Диссертацияда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун кыскача тарыхы, азыркы абалы жана методологиялык базасы аныкталган.

***2-натыйжа.*** *Салыштырмалуу жаңы.* Адабий чыгармаларды жогорку класстарда элдик педагогикалык материалдарды пайдаланып окутуунун зарылдыгы далилденген.

***3-натыйжа.*** *Жаңы.* Жогорку (10-11-класстар) класстардын мисалында кыргыз адабиятынын материалдары (стандарттар, окуу программалар) талдоодон өткөзүлгөн.

***4-натыйжа.****Салыштырмалуу жаңы.* Элдик педагогика менен кыргыз адабиятынын материалдарын биримдикте окутуу боюнча илимий иш жазуунун методдору туура аныктылган.

***5-натыйжа.*** *Жаңы.* Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүүнүн заманбап ыкмалары, жолдору, каражаттары иштелип чыккан жана алар сынактан өткөрүлгөн.

**8. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулугу.** Изилдөөнүн натыйжалары кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүдө, кыргыз адабияты предметинин мазмунун жана методикасын өнүктүрүүдө колдонулушу мүмкүн.

**9. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин «Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы» деген темадагы диссертациялык иши, андагы теориялык ойлор жана сунуштар кыргыз педагогикасына кошулган салым болуп эсептелет. Алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык жактан ырааттуулукка ээ.

**10. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунун кыскача ачып берет, анда кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмеси туура иштелген.

**11. Изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы** талапка жооп берет.

**Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары** 21 илимий макалада чагылдырылган.

Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин диссертациясын кыргыз адабиятын окутуунун методикасы боюнча жазылган кыргыз педагогика илиминде өз орду бар, толук бүткөрүлгөн жана өз алдынча аткарылган илимий изилдөө деп эсептөөгө татыйт.

**Диссертациялык иште кездешкен айрым бир мүчүлүштүктөр жана биздин сунуштар** төмөнкүлөр менен байланыштуу:

1. Диссертацияда автор буга чейин кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча бир катар диссертациялар жазылса да (Н.А.Асанбекова, Н.И.Тахирова, Ф.Т.Баитова, Г.Э.Маатазимова, Д.С.Жумабаева ж.б.), аларга анализ берип, өз изилдөөсү менен байланыштыра алган эмес.
2. Диссертациянын эксперименталдык мектептерин так жазбай, областтар боюнча гана берип койгондугу бул иштин аргументтүүлүгүн төмөндөтүп тургансыйт.
3. Эмгекте бул же тигил чыгармалардын мисалында оюн бышыктоо, тексттен алынган мисалдар жеткиликсиздей элес калтырат.
4. Диссертациянын резюмесинде «Изилдөөнүн предмети» деген бөлүм жазылбай калган.

Бирок биз белгилеген кемчилдиктер жана сунуштар диссертациянын жалпы деңгээлине таасирин тийгизе албайт.

**Жалпысынан, Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин «Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы

жана анын негизинде жазылган автореферат Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» жобосунун талаптарына ылайык актуалдуу темада жазылган, жеке өзү тарабынан аткарылган жана бүткөрүлгөн илимий иш болуп эсептелет, ал эми изденүүчү К.Д.Кенжешов 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептеймин.

**Расмий оппонент:** **Саттарова Азиза Тешабаевна,**

М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин мамлекеттик тил кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, доцент

А.Т.Саттарованын колун тастыктаймын

Кадрлар бөлүмү / Отдел кадров

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.23.673 19.12.2023г уч. секр. Бокурбаева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ